КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл 26-сентябрь №6** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айыл аймагындагы Акылбеков Омор көчөсүнүн күн чыгыш жагынан 16 квадрат метр жер тилкесин айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу жөнүндө.**

Боо-Терек айыл аймагындагы Акылбеков Омор көчөсүнүн күн чыгыш жагынан 16 квадрат метр жер тилкесин айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу жөнүндөгү депутаттардын сунушун угуп, карап чыгып, талкуулап, Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXIX сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Айыл өкмөтүнүн башчысы, №812 контурунун ичинде жайгашкан Акылбеков Омор көчөсүнүн күн чыгыш тарабындагы, 6-02-02-1001-0555 кодировка огород жер тилкесинин жанына электр трансформатор подстанция коюу үчүн 16 квадрат метр жер тилкесин айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу максатында, Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигине караштуу жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына кайрылып мамлекеттик актысын жасатып бүтүрсүн.

2. Айыл өкмөтүнүн каржы экономикалык бөлүмүнүн башчысы, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен Жер ресурстары кызматынын алдындагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бакай-Ата району боюнча филиалына акча каражатын которуу жагын камсыздасын.

3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жана тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана айыл өкмөтүнүн жер, турак-жай, коммуналдык маселелер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектөөчү адисине милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин депутаттарынын "Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**